# БИШКЕК ШААРЫНЫН МЭРИЯСЫНЫН ТОКТОМУ

*Бишкек шаары, 2022-жылдын 15-январы № 4*

## Бишкек шаарынын мэриясынын Транспорт жана жол-транспорттук инфратүзүмдү өнүктүрүү департаменти жөнүндө

Бишкек шаарынын мэриясынын коомдук жүргүнчүлөр транспортунун, автомобиль жолдорунун жана жол-транспорттук инфратүзүмүнүн ишин камсыздоо чөйрөсүндөгү иш-аракетинин натыйжалуулугун жогорулатуу максатында, Бишкек шаарынын мэриясынын аппарат жетекчиси М.М.Исаковдун "Бишкек шаарынын мэриясынын Транспорт жана жол-транспорттук инфратүзүмдү өнүктүрүү департаменти жөнүндө" Бишкек шаарынын мэриясынын токтомунун долбооруна карата 2021-жылдын 13-декабрындагы № МИ07-10/1595 маалым катын эске алып, "Жергиликтүү мамлекеттик администрация жана жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары жөнүндө" Кыргыз Республикасынын Мыйзамынын 43 жана 44-беренелерине ылайык,

ТОКТОМ КЫЛАМ:

1. "Бишкек шаарынын мэриясынын Шаардык транспорт башкармалыгы" муниципалдык мекемеси "Бишкек шаарынын мэриясынын Транспорт жана жол-транспорттук инфратүзүмдү өнүктүрүү департаменти" мекемеси деп кайра аталсын.

2. Төмөндөгүлөр бекитилсин:

- Бишкек шаарынын мэриясынын Транспорт жана жол-транспорттук инфратүзүмдү өнүктүрүү департаменти жөнүндө жобо 1-тиркемеге ылайык;

- Бишкек шаарынын мэриясынын Транспорт жана жол-транспорттук инфратүзүмдү өнүктүрүү департаментинин башкаруу схемасы 2-тиркемеге ылайык;

- Бишкек шаарынын мэриясынын Транспорт жана жол-транспорттук инфратүзүмдү өнүктүрүү департаментинин түзүмү 3-тиркемеге ылайык;

- Бишкек шаарынын мэриясынын Транспорт жана жол-транспорттук инфратүзүмдү өнүктүрүү департаментинин штаттык саны 4-тиркемеге ылайык.

3. Бишкек шаарынын мэриясынын Транспорт жана жол-транспорттук инфратүзүмдү өнүктүрүү департаментинин түз баш ийүүсүнө төмөндөгү муниципалдык ишканалар өткөрүп бериле тургандыгы белгиленсин:

- "Бишкек жүргүнчүлөр автотранспорт ишканасы";

- "Бишкек троллейбус башкармалыгы";

- "Бишкекасфальтсервис".

4. Бишкек шаарынын мэриясынын Транспорт жана жол-транспорттук инфратүзүмдү өнүктүрүү департаменти белгиленген тартипте:

- юстиция органдарында мамлекеттик кайра каттоодон өтсүн;

- ушул токтомдун 3-пунктунда көрсөтүлгөн муниципалдык ишканалардын уставынын, түзүмүнүн жана штаттык санынын долбоорлорун иштеп чыксын жана Бишкек шаарынын мэриясына бекитүүгө киргизсин;

- ушул токтомдон келип чыккан башка чараларды кабыл алсын.

5. Ушул токтом менен анда көрсөтүлгөн маалыматтар, ошондой эле мамлекеттик кайра каттоодон өткөрүү үчүн берилген документтердеги маалыматтар анык жана мыйзам менен белгиленген учурда юридикалык жактарды кайра каттоо маселеси тийиштүү мамлекеттик органдар жана (же) жергиликтүү өз алдынча башкаруу органдары менен макулдашылгандыгы ырасталат.

6. Бишкек шаарынын мэриясынын 2017-жылдын 18-майындагы № 33 "Бишкек шаарынын мэриясынын Шаардык транспорт башкармалыгы" муниципалдык мекемесинин жобосун, түзүмүн жана штаттык санын бекитүү жөнүндө" токтому күчүн жоготту деп табылсын.

7. Ушул токтомдун аткарылышын контролдоо Бишкек шаарынын мэриясынын борбордук аппаратынын санариптештирүү жана транспорт бөлүмүнө жүктөлсүн.

**Бишкек шаарынын мэри** **А.Джунушалиев**

***pr2:***

Бишкек шаарынын мэриясынын
2022-жылдын 15-январындагы
№ 4 токтомуна
2-тиркеме

## Бишкек шаарынын мэриясынын Транспорт жана жол-транспорттук инфратүзүмдү өнүктүрүү департаментинин БАШКАРУУ СХЕМАСЫ




**Вице-мэр** **Т.Орозов**

Бишкек шаарынын мэриясынын
2022-жылдын 15-январындагы
№ 4 токтомуна
3-тиркеме

## Бишкек шаарынын мэриясынын Транспорт жана жол-транспорттук инфратүзүмдү өнүктүрүү департаментинин ТҮЗҮМҮ




**Вице-мэр** **Т.Орозов**

Бишкек шаарынын мэриясынын
2022-жылдын 15-январындагы
№ 4 токтомуна
4-тиркеме

## Бишкек шаарынын мэриясынын Транспорт жана жол-транспорттук инфратүзүмдү өнүктүрүү департаментинин ШТАТТЫК САНЫ

| № | Кызмат ордунун аталышы | Штаттык бирдиктердин саны |
|---|---|---|
| | **1. Жетекчилиги** | |
| 1 | Директор | 1 |
| 2 | Директордун орун басары | 2 |
| | **Жыйынтыгы:** | **3** |
| | **2. Пландоо-экономикалык бөлүмү** | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 1 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 1 |
| 4 | Адис | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **4** |
| | **3. Укуктук камсыздоо, келишимдик милдеттенмелерди контролдоо жана эл аралык** | |

| | | |
|---|---|---|
| **кызматташтык бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 2 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 1 |
| 4 | Адис | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **5** |
| **4. Каттамдык тармактарды инспекциялоо, түзүү жана ачык сынактарды уюштуруу бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 4 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 4 |
| 4 | Адис | 2 |
| **Жыйынтыгы:** | | **11** |
| **5. Документтик жана кадрдык камсыздоо бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 1 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 1 |
| 4 | Адис | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **4** |
| **6. Коомдук транспорттун пландык чыгууларына мониторинг жүргүзүү бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 1 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 2 |
| **Жыйынтыгы:** | | **4** |
| **7. Долбоордук-техникалык даярдоо бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 2 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 3 |
| 4 | Адис | 3 |
| **Жыйынтыгы:** | | **9** |
| **8. Техникалык көзөмөлдөө, ордерлерди берүү жана контролдоо бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 2 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 2 |
| **Жыйынтыгы:** | | **5** |
| **9. Мамлекеттик сатып алуулар боюнча сектор** | | |
| 1 | Сектор башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **2** |
| **10. Жол-транспорттук инфратүзүм бөлүмү** | | |
| 1 | Бөлүм башчысы | 1 |
| 2 | Башкы адис | 2 |
| 3 | Жетектөөчү адис | 2 |

| | | |
|---|---|---|
| 4 | Адис | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **6** |
| **12. Техникалык тейлөөчү персонал (ТТП)** | | |
| 1 | Башкы бухгалтер | 1 |
| 2 | Бухгалтер | 3 |
| 3 | Катчы-референт | 2 |
| 4 | Административдик-чарбалык бөлүгүнүн башчысы | 1 |
| **Жыйынтыгы:** | | **7** |
| **13. Кенже тейлөөчү персонал (КТП)** | | |
| 1 | Кызматтык автомобилдин айдоочусу | 1 |
| 2 | Кызматтык жайларды тазалоочу | 2 |
| **Жыйынтыгы:** | | **3** |
| **Бардыгы** | | **63** |

**Вице-мэр** **Т.Орозов**